# Эгемендик маршы.

Сөзү: Дайыр Орозакунов.

Обону: Туратбек Дуйшеев.

Атк: Элмира Дүйшеева.

Ата бабам мурас кылган ыйык мекенди.

Ат жалында жоокер турмуш өмүр кечирди.

Кел курбулар мекен үчүн тизил катарга.

Жаныбыздан артык көрүп дайым сезели.

Пр: Биз тоолордой чеп болобуз кыргыз эл үчүн.

Ыйык мекен ынтымактын берген жемишин.

Жоокер мүнөз бабалардай мекен коргойбуз.

Ата журтум алтын бешик жерим бейишим.

Айкөл элим азаттыктын даңгыр жолунда.

Аста басып ак булуттай калкып тоосунда.

Чептей туруп чек арага душман жолотпой.

Мен кызыңмын мекен жүгү менин мойнумда.

Көз ирмебей от жалынга душман каарына.

Чагылгандай жигиттериң намыс колунда.

Эр манастын биз болобуз баатыр урпагы.

Эгемендик достук жанган кыргыз калкыма.

Көк жалдардын урпагыбыз тарых тааныган.

Ала тоону сактап келген төгүп канынан.

Бир жакадан баш чыгарып ынтымак менен.

Алтын бешик ата мекен кымбат баарынан